# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2004-жылдын 13-августу N 122*

## "Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-статьясынын 7-пунктунун чечмелөө тууралу

**1-статья.**

"Кыргыз Республикасынын Жер кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын Кыргыз Республикасынын Жер кодекси колдонууга киргизилгенге чейин белгиленген тартипте алган жер участокторуна жеке жана юридикалык жактардын жеке менчик укугун таанууга тиешелүү 6-статьясынын 7-пунктунун колдонулушу жер участогу мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берилген учурларды албаганда Кыргыз Республикасынын Жер кодекси колдонууга киргизилгенге чейин мыйзамдар менен белгиленген тартипте менчиктештирилген имараттарга, курулмаларга жана жайларга бекитилген жер участокторуна да жайылтылат.

Бул учурда имаратка жана курулмага менчиктештирүү документтери жер участогуна укук белгилөөчү документ болуп эсептелет.

Жер участогунун чек аралары аларды идентификациялоого мүмкүндүк берүүчү колдо бар документтердин негизинде аныкталат, алар жок болсо - чектеш жер участокторунун менчик ээлери менен макулдашылган мамлекеттик жерге жайгаштыруу кызматы тарабынан даярдалган кадастрдык пландын негизинде аныкталат.

Жер участогун чек аралар боюнча башка адамдардын укуктук доомattары тиешелүү документтерди талап кылат.

Менчиктештирүү документтери жана кадастрдык план жер участогуна менчик укугун каттоо жана кийин жол-жоболоштуруу менен жер участогуна жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт берүү үчүн негиз болуп саналат.

*Караңыз:*

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 20-июнундагы N 449 "Кыргыз Республикасынын Жер кодекси колдонууга киргизилгенге чейин менчиктештирилген имараттардын жана курулуштардын алдындагы жер участокторуна жеке менчик укугун мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому*

**2-статья.**

Ушул Мыйзам жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2004-жылдын 27-августунда N 73-74 жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын Президенти** — **А.Акаев**

**2004-жылдын 23-июнунда**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган**